№ 285-ФХД/22 31.01.2022

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**БУЙРУК**

**2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары жөнүндө**

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2021-жылдын 24-декабрындагы №3 протокол) «2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары жөнүндө» деп аталган №1 маселени бекитүү боюнча **буйрук кылам:**

1. 2021-2022-окуу жылына ОшМУга кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары жөнүндөгү кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, доцент Б.Б. Муратбаевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү ОшМУга экскурсияга келген учурда факультеттердин, колледждердин, бөлүмдөрдүн жетекчилери тарабынан уюштуруу иштерине өзгөчө көңүл бурулсун.
3. ОшМУнун сайтындагы адистик/багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен факультеттер (колледждер) тарабынан толуктоо жагы өркүндөтүлсүн.
4. Абитуриенттерге уюлдук телефон аркылуу университеттин сайтынан адистиктер боюнча керектүү маалыматтарды алуу, суроолорун калтыруу, катталуу мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү кабыл алуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Факультеттер, колледждер тарабынан окуу жылы ичинде кесипке багыттоочу замандын талабына ылайык иш-чараларды уюштуруу күчөтүлсүн.
6. Жаңы окуу жылында тапшыргандардын саны көп болуусу күтүлгөн багыттардын/адистиктердин лицензияларындагы студенттердин чектик санын көбөйтүү ОшМУнун окуу-информациялык департаменти менен биргеликте декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.
7. Абитуриенттердин, ата-энелердин кайрылууларын тейлөө максатында жыл бою иштөөчү **Call Center** – маалымат берүү кызматын иштетүү кабыл алуу комиссиясы тарабынан каралсын.
8. Педагогикалык адистерди даярдаган факультет/колледждер учурда мамлекет үчүн артыкчылыктуу багыттар, адистиктер боюнча тиешелүү райондордо иш берүүчүлөр муктаж болгон предметтик мугалимдерди аныктап келишимдер түзүлсүн.
9. Факультет/колледждерде «Биздин сыймыктуу бүтүрүүчүлөр» бурчуна, сайттарына мектепте эмгектенген алдыңкы мугалимдердин (ОшМУнун бүтүрүүчүлөрү) сүрөттөрү илинсин.
10. Мугалимдик кесиптин коомдогу ордун арттыруу максатында факультет/колледждер тарабынан системалуу иш-аракеттер пландаштырылып, студенттерге түрдүү форматта алдыңкы мугалимдер (ОшМУнун бүтүрүүчүлөрү) менен иш-чаралар (конок-лекция, жолугушуу ж.б.у.с.) уюштурулсун.
11. Кабыл алуу комиссиясынын техникалык катчылары үчүн түп нускама иштелип чыксын.
12. Мамлекеттик билим берүүчү гранттык орундарды педагогикалык адистиктер боюнча көбөйтүү үчүн иш-аракеттер жүргүзүлсүн (декан/директор жана кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы).
13. Бул токтомду аткаруу кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна жана тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин, анын аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор, доцент З.С. Божоновго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын**
**24-декабрындагы №3 жыйынынын**
ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

**Күн тартиби:**
**2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары**

**Угулду:** ОшМУнун кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, доцент Б.Б. Муратбаев «2021-2022-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары» деп аталган №1 маселе менен тааныштырды.

**Чечим:**

1. 2021-2022-окуу жылына ОшМУга кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары жөнүндөгү кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, доцент Б.Б. Муратбаевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү ОшМУга экскурсияга келген учурда факультеттердин, колледждердин, бөлүмдөрдүн жетекчилери тарабынан уюштуруу иштерине өзгөчө көңүл бурулсун.
3. ОшМУнун сайтындагы адистик/багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен факультеттер (колледждер) тарабынан толуктоо жагы өркүндөтүлсүн.
4. Абитуриенттерге уюлдук телефон аркылуу университеттин сайтынан адистиктер боюнча керектүү маалыматтарды алуу, суроолорун калтыруу, катталуу мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү кабыл алуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Факультеттер, колледждер тарабынан окуу жылы ичинде кесипке багыттоочу замандын талабына ылайык иш-чараларды уюштуруу күчөтүлсүн.
6. Жаңы окуу жылында тапшыргандардын саны көп болуусу күтүлгөн багыттардын/адистиктердин лицензияларындагы студенттердин чектик санын көбөйтүү ОшМУнун окуу-информациялык департаменти менен биргеликте декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.
7. Абитуриенттердин, ата-энелердин кайрылууларын тейлөө максатында жыл бою иштөөчү **Call Center** – маалымат берүү кызматын иштетүү кабыл алуу комиссиясы тарабынан каралсын.
8. Педагогикалык адистерди даярдаган факультет/колледждер учурда мамлекет үчүн артыкчылыктуу багыттар, адистиктер боюнча тиешелүү райондордо иш берүүчүлөр муктаж болгон предметтик мугалимдерди аныктап келишимдер түзүлсүн.
9. Факультет/колледждерде «Биздин сыймыктуу бүтүрүүчүлөр» бурчуна, сайттарына мектепте эмгектенген алдыңкы мугалимдердин (ОшМУнун бүтүрүүчүлөрү) сүрөттөрү илинсин.
10. Мугалимдик кесиптин коомдогу ордун арттыруу максатында факультет/колледждер тарабынан системалуу иш-аракеттер пландаштырылып, студенттерге түрдүү форматта алдыңкы мугалимдер (ОшМУнун бүтүрүүчүлөрү) менен иш-чаралар (конок-лекция, жолугушуу ж.б.у.с.) уюштурулсун.
11. Кабыл алуу комиссиясынын техникалык катчылары үчүн түп нускама иштелип чыксын.
12. Мамлекеттик билим берүүчү гранттык орундарды педагогикалык адистиктер боюнча көбөйтүү үчүн иш-аракеттер жүргүзүлсүн (декан/директор жана кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы).
13. Бул токтомду аткаруу кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы, факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна жана тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин, анын аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор, доцент З.С. Божоновго жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, профессор** **К.Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** **Дж.Ж. Асанбекова**